Маанилүү мааракe

# Нарктуулугуң сактала берсин, кыргыз сому!






Адегенде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы кыргыз сомунун 30 жылдык мааракесин салтанаттуу белгилөөгө чейин кандай маанилүү иш-чараларды өткөргөнгө жетише алгандыгына токтоло кетели. Биринчиден, КРУБ апрель айында "Сомго 30 жыл", "Тай туяк" деп аталган коллекциялык күмүш монеталарды жарыкка чыгарды. Мындай монеталарды чыгаруунун тарыхый мааниси бар болчу. Себеби, кыргыз эли XIX кылымда "Тай туяк" төлөм каражатын колдонгондугу тарыхта белгилүү. Ошондуктан кыргыз сомунун 30 жылдык мааракесине карата мындай монеталарды чыгаруу бир жагынан



символикалуу болсо, экинчи жагынан эл аралык монеталар чөйрөсүндө ал өзүнүн кайталангыс көркөм дизайны менен кыргыз сомунун аброюн көтөрмөк.

Мындан сырткары Улуттук банк улуттук валютанын 30 жылдык мааракесине карата 200, 500, 1000 сом номиналындагы банкноттордун жаңы сериясын жүгүртүүгө чыгарды. Адатта жаңы банкноттор акча пайдалануучуларга жакшы маанай тартуулайт эмеспи.

Кыргыз сомунун 30 жылдык мааракесине карата Улуттук банк 2023-жылдын 19-майында "Ала-Арча" мамлекеттик резиденциясында "Чакырыктардан жаңы мүмкүнчүлүктөргө" деп аталган Эл аралык конференциясын өткөрдү. Бул Эл аралык конференциянын ишине Россия Федерациясынын Борбордук банкынын төрагасы Эльвира Набиуллинанын, Казакстан Республикасынын Улуттук банкынын төрагасы Галымжан Пирматовдун, Өзбекстан Республикасынын Борбордук банкынын төрагасы Маморизо Нурмуратовдун, Швейцария Улуттук банкынын төрагасы Томас Йордандын, Кыргыз Республикасындагы Эл аралык валюта фондунун өкүлү Тигран Погосяндын, Кыргыз Республикасындагы Дүйнөлүк банктын өкүлчүлүгүнүн башчысы Навид Хасан Наквинин, Европалык Өнүктүрүү жана Реконструкция банкынын адъюнк директору, улук банкири Жылдыз Галиеванын ж.б. чет өлкөлүк банк адистеринин катышуусу жана алардын жасаган кенен мазмундуу докладдары конференциянын эл аралык статусун бекемдеп, анын олуттуулугун арттырды жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эл аралык аброюнун жогору экендигин көрсөттү.

Эгерде тарыхка кайрылсак, 1993-жылдын 10-майында улуттук валюта-кыргыз сому жүгүртүүгө киргизилип, ал Кыргыз Республикасынын бардык аймагындагы расмий төлөм каражаты болуп калган. Ошондо кыргыз сому менен рубльдин удаа колдонулушу беш күнгө гана созулуп, 1993-жылдын 14-майынан тартып кыргыз сому жүгүртүүдөгү Кыргыз Республикасынын жападан жалгыз төлөм каражаты болуп калган.

Өзүбүздүн улуттук валютабызды жүгүртүүгө киргизилиши менен өлкөбүздүн көз карандысыз экономикалык жана акча-кредит саясатын жүргүзүүгө жол ачылган эле. Бул чечимдин туура кабыл алынгандыгын мезгил өзү ырастоодо. Бүгүнкү күндө кыргыз сому эң мыкты корголгон, туруктуу, дизайны кооз валюталардан болуп эсептелет жана башка валюталар арасында өзүнүн татыктуу орду бар экенин көрсөтүүдө.

Кыргыз Республикасынын банкноттору атайын басма технологиясынын акыркы жетишкендиктерине ылайык үч деңгээлдеги ишенимдүү корголуусу менен даярдалып чыгарылууда. Ар кандай өлкөнүн экономикалык туруктуулугунун маанилүү көрсөткүчү улуттук валютасынын ишенимдүүлүгү, сатып алуу жөндөмдүүлүгү жана баа туруктуулугу болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө кыргыз сому мына ушундай сапаттарга толук ээ.

2023-жылдын 9-июнунда Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясында улуттук валютанын жүгүртүүгө киргизилишинин 30 жылдыгына арналган салтанаттуу чогулуш Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңештин депутаттарынын, Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын өкүлдөрүнүн, финансы-кредиттик мекемелердин, эл аралык уюмдардын жетекчилеринин, Улуттук банктын ж.б. өнөктөштөрүнүн катышуусунда болуп өттү.

Чогулушту ачуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасы Кубанычбек Бөкөнтаев кыргыз сомун жүгүртүүгө жаш республикабыз өтө татаал социалдык-экономикалык шартта рыноктук реформалар жүзөгө ашырылып жаткан учурда кийирилгендигин белгиледи. Ал учурда өлкөбүздө кулачын жайып жаткан гиперинфляцияга бөгөт коюу үчүн тез арада чечкиндүү чечимдерди кабыл алуу керек болчу. "Бүгүнкү күндө кыргыз сому туруктуу төлөм каражаты болуу менен экономиканын толук кандуу иштешин жана өлкөнүн финансы-кредиттик мекемелерин сомдук салымдардын тынымсыз өсүшүн камсыз кылууда" - деди К.Бөкөнтаев.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров өз сөзүндө кыргыз сомун жүгүртүүгө киргизгенибиз өлкөбүздүн көз карандысыз өнүгүү жолун аныктагандыгын жана өз алдынча акча-кредит саясатын жүргүзүүгө шарт түзгөндүгүн белгилеп, 30 жылда кыргыз сому кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн туруктуулугунун символу жана өлкөнүн көз карандысыз экономикалык саясатынын башкы элементи болуп калгандыгын айтты.

Президент Садыр Жапаров өз сөзүндө кыргыз сомун киргизүү процессинде катышкан бардык адамдардын – ошол учурдагы Улуттук банктын төрагасы, маркум Нанаев Кемелбек Касымкуловичтин, Улуттук банктын төрагасынын орун басары Абдуманапов Эмил Садыковичтин, премьер-министрлер – Исанов Насирдин Исановичтин жана Чыңгышев Турсунбек Чыңгышевичтин, вице-премьер-министр Койчуев Турар Койчуевичтин өлчөөсүз эмгегин эскерип, валютаны кийирүү боюнча жумушчу топтун мүчөлөрүнө, сүрөтчүлөргө, тарыхчыларга жана экономисттерге ыраазычылыгын билдирди. Мындан сырткары ал: "Кыргыз Республикасынын финансылык сектору, улуттук төлөм жана банк системасы дүйнөлүк финансы-экономикалык кризистин таасирине карабастан өзүнүн туруктуулугун көрсөтүү менен өнүгүүсүн улантууда" - деди. Бул жерде Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатынын ролуна, ошондой эле финансы рыногунун адистеринин ишке карата жасаган абийирдүүлүк жана кесипкөйлүк, жоопкерчилик менен жасаган мамилесин белгилей кетүү кажет экендигин айтты. "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Улуттук банктын биргеликте жүргүзгөн саясатынын натыйжасында макроэкономикалык стабилдүүлүк жана бюджеттик туруктуулук камсыздалууда.

Каржы рыногунун өнүгүүсүнө таасир эткен эң негизги фактор – бул калктын ишеними. Жарандар финансылык продукцияны керектөөчү катары каржылык уюмдардын ишине баа берет. Ошондуктан финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу жана дүйнөлүк тенденцияларга шайкеш келген каржылык технологияларды киргизүү жолу менен калктын ишенимин мындан ары жогорулатуу зарыл" - деди Садыр Жапаров.

Иш-чаранын жүрүшүндө Президент Садыр Жапаров мурдагы премьер-министр Т.Чыңгышевди биринчи даражадагы "Манас" ордени менен сыйлады жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасы К.Бөкөнтаевге жана "Дос-Кредобанк" ААКнын Башкармалыгынын төрагасы Ч.Эшбердиевага "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти" төш белгисин, ошондой эле "Демир Кыргыз Интернэшнл Банк" ЖАКтын башкы директорунун орун басары А.Трофимушкинага Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасын тапшырды.

**Абдимухтар АБИЛОВ**

